РОССИЯ-КЫРГЫЗ
ӨНҮГҮҮ ФОНДУ

Жылдык отчет 2019

Мазмуну

03 Башкармалыктын Төрагасынын кайрылуусу

05 Россия-Кыргыз өнүгүү фонду тууралуу

06 Фонддун жетекчилиги

07 Каржы рыногунда фонддун орду жана негизги каржылык натыйжалары

09 Фонддун инвестициялык жана долбоорлук иш-аракеттери

12 *Түз каржылоо*

16 *Чакан жана орто ишкердик субъектилерин каржылоо*

18 *Долбоорлорду даярдоо жана коштоо фонддун каражаттарын пайдалануу*

19 Каржы рыногунда фонддун иш-аракети жана казыналык операциялар

22 Фонддун иш-аракеттеринин социалдык-экономикалык таасири

24 Фонддун эл аралык иш-аракеттери

26 Тобокелдиктерди башкаруу

30 Фонддун 2020-жылга карата иш пландары

36 Аудиттелген каржылык отчеттуулук

Башкармалыктын Төрагасынын кайрылуусу

Фонддун 2019-жылдагы иш жыйынтыктары сапаттык жана сандык көрсөткүчтөрдүн олуттуу өсүшүн көрсөттү

Урматтуу кардарлар жана өнөктөштөр!

Урматтуу окурмандар!

Бүгүн Фонддун беш жылдык иш-аракеттеринин жыйынтыгын чыгарса болот. Россия-Кыргыз өнүгүү фонду Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсүнө көмөк көрөтүү стратегиялык максатын көздөгөн ишеничтүү жана туруктуу эл аралык каржы өнүктүрүү институту катары өзүн көрсөттү.

Кыргыз Республикасынын чарбалык субъектилерин насыялоо боюнча Фонддун иши өлкөнүн бардык аймактарын кучагына алды.

Ошону менен катар ишке ашырылып жаткан долбоорлор кайсы бир деңгээлде Чүй жана Ош областтарында топтолгону байкалат, бул аталган аймактардагы чарбалык субъектилердин экономикалык активдүүлүгү менен түшүндүрүлөт. Буга байланыштуу биз каржы продуктуларынын катарын диверсификациялоо аркылуу өлкөнүн аймактарында Фонддун портфелин кеңейтүүнүн үстүндө активдүү иштедик.

2019-жылдагы олуттуу чаралардын бири өлкөнүн аймактарында түз насыялоонун чегин 200 миң долларга чейин төмөндөтүү, о.э. түз насыялоо боюнча улуттук валютада үстөк төлөмдү 8 пайызга чейин төмөндөтүү болду. Аймактарда күрөөгө коюлчу мүлк баасы төмөндүгүнө жана насыялардын жетишсиз камсыз кылынышына байланыштуу Фонд аймактык ишкерлер үчүн кепилдик берүү үчүн «Кепилдик фонду» ААКга 200 млн сом бөлүп, каржылоонун жалпы суммасын 400 млн сомго чейин көбөйткөн.

2019-жылы артыкчылыктуу иш катары аймактардагы потенциалдуу кардарлар арасында насыялоо процедуралары боюнча окутууларды кеңейтүү болду. Каржылык продуктулардын катарын кеңейтүү, анын ичинде стартаптарды каржылоо боюнча пилоттук программаны ишке киргизүү, биздин Аймактык кеңешчилик борборлордун активдүү иши, чакан жана орто ишкердик субъектилерин коммерциялык банктар аркылуу насыялоону кеңейтүү, ири долбоорлорду ишке ашыруу дайыма биздин көңүл борборунда турду.

Фонддун 2019-жылдагы иш жыйынтыктары сапаттык жана сандык көрсөткүчтөрдүн олуттуу өсүшүн көрсөттү. Биз Фонддун каражаттарынан каржылоо көлөмүн мурунку жылга салыштырганда эки эсе көбөйтө алдык (2019-жылы 77,5 млн АКШ долл. 2018-жылдагы 42,9 млн АКШ долл. салыштырмалуу). Фонддон каржылоо алган ишканалар менен жеке ишкерлердин кирешеси 2019-жыл жыйынтыгы боюнча 9 167,9 млн сомго өскөн (2019-жылдын аягына карата КРУБдун расмий курсу боюнча 131,6 млн АКШ долларына). Жаңы түзүлгөн иш орундарынын саны 2019-жыл жыйынтыгы боюнча 3,4 миң адамды түзгөн, анын ичинен эң маанилүү гендердик компонентти белгилегим келет: Фонддун долбоорлорунун алкагында 748 айым ишке орношкон (жаңы түзүлгөн иш орундарынын 22 пайызы).

Россия-Кыргыз өнүгүү фонду жетишкен ийгиликтер менен токтоп калган жок. Россиянын жана эл аралык мыкты практикаларга таянып, Фонд 2020-жылы андан ары өнүгүү максатында өз ишин жакшыртууну улантат.

Кыргызстандын экономикасында COVID-19 эпидемиясынан келип чыккан татаал жагдайды, о.э. валюталык рынокто волатилдүүлүктү эске алып, Фонд каатчылыкка каршы чараларды биринчилерден болуп көрдү. Ага насыяларды жабуу мөөнөтүн кийинкиге калтыруу жана узартуу, түз насыялоо боюнча өз кардарларына, коммерциялык банктар аркылуу ФОнддун ресурстарын алган чакан жана орто ишкердик субъектилерине кепилдик камсыздоо талабын жеңилдетүү кирет. Бул биздин насыячыларга [азыркы каатчылыктарга] туруштук берип жана өсүшкө жетишүүгө мүмкүндүк берет деген ниеттебиз. Биз быйылкы жылы турукташтыруу үчүн зарыл болгон каатчылыкка каршы чаралардын пакетин андан ары иштеп чыгууну улантабыз.

2020-жылы Фонд Кыргыз Республикасынын чарбалык субъектилерин жеңилдетилген шартта каржылоону уланатат.

Биз азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга, экспорттук мүмкүнчүлүктү кеңейтүүгө жана айыл чарбасын өнүктүрүүгө багытталган артыкчылыктуу багыттарды принципиалдуу жаңы кластердик каржылоону активдүү киргизе баштайбыз. Биз эл аралык донорлор жана өнөктөштөр менен кызматташууну активдүү өнүктүрүп, Кыргыз Республикасында долбооорлорду ишке ашыруу үчүн капиталдарды тартууну пландап жатабыз.

Россия-Кыргыз өнүгүү фонддун иш натыйжалуулугу команданын ар бир мүчөсүнүн мүмкүнчүлүгүнө жана өз ара аракеттешүү сапатына түз көз каранды. Фонддун командасында жогорку профессионалдуу, чыгармачыл кызматкерлер иштейт. Мындай мүмкүнчүлүктөрү менен Фонд өз алдында турган артыкчылыктуу милдеттерди ишке ашырууга жетише алат. Фонддун маалымат жагынан ачыктыкка, маалыматтын айкын жана анык болушуна умтулуусу өзгөрүүсүз калат.

Мен РКӨФтүн ишине өз салымдарын кошуп жаткан биздин өнөктөштөргө, кардарларга жана кызматкеркерлерге ыраазымын. Бизди туруктуу өнүгүүгө болгон жалпы ниет бириктирип турат. Биз өлкөнү өзгөртүп жана жакшыга карай өзгөрүүлөрдүн бир бөлүгүн түзө тургандыгыбыз менен сыймыктана алабыз.

ААЛИЕВ А. К.

БАШКАРМАЛЫКТЫН ТӨРАГАСЫ

Кыргызстандын экономикасында COVID-19 эпидемиясынан келип чыккан татаал жагдайды, о.э. валюталык рынокто волатилдүүлүктү эске алып, Фонд каатчылыкка каршы чараларды биринчилерден болуп көрдү

Россия-Кыргыз өнүгүү фонду тууралуу

Кыргыз Республикасынын каржылык инфраструктурасынын консолидациялоочу элементи, өнүгүү жана Россия Федерациясы менен интеграциялашуу процессине тереңдөө кыймылдаткычы болуу максатын көздөйт

Россия-Кыргыз өнүгүү фонду (мындан ары – «Фонд») Кыргыз Республикасынын өкмөтү менен Россия Федерациясынын өкмөтүнүн ортосундагы «Евразиялык экономикалык интеграциялоо шартында экономикалык кызматташууну өнүктүрүү жөнүндө» 2014-жылдын 29-майындагы макулдашууга, Кыргыз Республикасынын өкмөтү менен Россия Федерациясынын өкмөтүнүн ортосундагы «Россия-Кыргыз өнүгүү фонду жөнүндө» 2014-жылдын 24-ноябрындагы келишимине ылайык түзүлгөн жана өз ишин алып барат.

Кыргыз Республикасынын каржылык инфраструктурасынын консолидациялоочу элементи, өнүгүү жана Россия Федерациясы менен интеграциялашуу процессине тереңдөө кыймылдаткычы болуу максатын көздөйт.

Фонддун иш-аракеттеринин негизги багыты – өзүн өзү актоочу долбоорлорду, о.э. Кыргыз Республикасынын экономикасынын артыкчылыктуу секторлорунун чарбалык субъектилерин орто жана узак мөөнөттүү каржылоо жүргүзүү менен байланышкан башка иштердин түрүн каржылоо.

Фонддун миссиясы

Кыргыз Республикасынын экономикасын жаңылоо жана өнүктүрүү

КР менен РФ ортосундагы экономикалык кызматташтыкты кеңейтүү жана бекемдөө

Кыргыз Республикасынын ЕАЭБ интеграциясына көмөк көрсөтүү

Фонддун Кеңеши

Сторчак
Сергей Анатольевич
РФтин каржы министринин орун басары
Фонддун Кеңешинин төрагасы

Фонддун ишин стартегиялык башкара турган жогорку башкаруу органы болуп эсептелет. Фонддун кеңешине кыргыз тараптан 2 өкүл жана Россия тараптан 3 өлүл кирет. Кеңештин төрагасы Россия Федерациясынын өкмөтү тарабынан дайындалат.

**2020-жылдын 1-январына карата*

Муканбетов Санжар Турдукожоевич
КРдин экономика министри
Фонддун Кеңешинин төрагасынын орун басары

Абрамян Рафаэл Михайлович
РФтин Экономикалык өнүктүрүү министрлигинин КМШ өлкөлөрү менен экономикалык кызматташуу жана евразиялык интеграцияны өнүктүрүү департаментинин директору
Фонддун Кеңешинин мүчөсү

Жеенбаева Бактыгуль Жаныбековна
КРдин каржы министри
Фонддун Кеңешинин мүчөсү

Ячевская Светлана Викторовна
"ВЭБ РФ" Мамлекеттик өнүктүрүү корпорациясынын Төраганын орун басары – Башкармалык мүчөсү
Фонддун Кеңешинин мүчөсү

Фонддун Башкармалыгы

Асрандиев Эркин Шамшудинович
Фонддун Башкармалыгынын Төрагасы

Фонддун туруктуу иштөөчү жамааттык аткаруучу органы болуп эсептелет. Фонддун башкармалыгына кыргыз тараптан 3, Россия тараптан 2 өкүл кирет.

**2020-жылдын 1-январына карата*

Кудяков Олег Амирович
Фонддун Башкармалыгынын Төрагасынын орун басары

Арсеньев Андрей Сергеевич
Фонддун Башкармалыгынын мүчөсү

Чолпонкулов Алмазбек Аскербекович
Фонддун Башкармалыгынын мүчөсү

Аалиев Азиз Кубанычбекович
Фонддун Башкармалыгынын мүчөсү

Каржы рыногунда Фонддун орду жана негизги каржылык натыйжалары

Фонддун капиталы менен Кыргыз Республикасынын банк тутумунун капиталынын катнашы 92 пайыздан 122 пайызга чейинки диапазондо туруктуу сакталып турат

Фонд өлкөнүн экономикасын жаңылаштырууга жана анын бирдиктүү Евразиялык Экономикалык Биримдик (ЕАЭБ) рыногуна кошулушуна көмөк көрсөтүү менен, Кыргыз Республикасынын насыя рыногунда маанилүү орун ээлеп, ага олуттуу таасир кылат.

Фонддун капиталы менен Кыргыз Республикасынын банк тутумунун капиталынын катнашы 92 пайыздан 122 пайызга чейинки диапазондо туруктуу сакталып турат, б.а. паритеттин тегерегинде өзгөрүп турат.

Леверидж коэффициенти орто эсеп менен 6 болгон банк тутумунан айырмаланып, Фонддун балансы левериджделбейт[1] жана негизинен капиталдан турат.

1-таблица

РКӨФтүн жана банк тутумунун негизги каржы көрсөткүчтөрү

	01.01.2016	01.01.2017	01.01.2018	01.01.2019	01.01.2020
Фонддун капиталы, млн АКШ доллары	350,0	503,9	509,1	523,4	532,0
Фонддун активдери, млн АКШ доллары	366,2	545,5	545,5	559,1	574,2
Фонддун капиталынын анын активдериндеги үлүшү	95,6%	92,4%	93,3%	93,6%	92,6%
Фонддун активи менен Кыргыз Республикасынын банк тутумунун жалпы активдеринин катнашы	15,6%	23,3%	19,0%	17,6%	16,1%
Кыргыз Республикасынын банк тутумунун жалпы капиталы, млн АКШ доллары	343,7	413,3	468,2	506,2	604,1
Кыргыз Республикасынын банк тутумунун жалпы активдери, млн АКШ доллары	2 346,0	2 346,0	2 876,0	3 178,0	3575,1
Кыргыз Республикасынын банк тутумунун активиндеги жалпы капиталдын үлүшү	15,0%	18,0%	16,0%	16,0%	16,9%
Кыргыз Республикасынын банк тутумунун леверидж коэффициенти	7	6	6	6	6

Ушул себептен Кыргыз Республикасынын банк тутумунун активдеринде Фонддун активдеринин үлүшү 100 пайызга эмес, 20 пайызга жакын.

Фонд тарабынан берилчү каржылоонун көлөмү банк тутумунун насыялык портфелинин 10 пайызын туруктуу ээлейт, ал эми насыялык портфелден Фонддун мандатына кирбеген ипотеканы жана керектөөчүлүк насыялоону алып салганда 13,2 пайызды ээлейт. Бул да Кыргыз Республикасынын насыялык рыногу үчүн Фонддун тутумдук маанисин ырастоочу көрсөткүч болуп эсептелет.

1 Карызга алынган каражаттар жокко эсе

Фонд үстөк пайыздын төмөндүгүнөн жана насыялоо мөөнөтүнүн узактыгынан туруучу артыкчылыктарга ээ болуу менен, кыска мөөнөттө насыялык рынокто маанилүү оорун ээлөөгө жетишкен. Фонддун ресурстар булагы болуп мөөнөтсүз мүнөзгө ээ капиталы эсептелет.

Натыйжада Фонд насыялоо наркынын төмөндөшү боюнча рынокко белгилер аркылуу үстөк пайыздын динамикасына жана түзүмүнө таасир кылды, бул бүгүнкү күндө өлкөнүн насыялык рыногунда карыз ресурстардын баасын түзүү процессинде олуттуу жетишкендик болуп эсептелет.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын маалыматы боюнча, коммерциялык банктардын 2019-жылы чет элдик валюта менен 3 жылдан ашык мөөнөткө Фонддун мандатына туура келүүчү: өнөр жай, айыл чарба, унаа, байланыш, даярдоо жана кайра иштетүү тармактарына берилген насялар боюнча орточо үстөк пайызы 9,5 пайызды түзгөн, ошол эле учурда Фонддун түз каржылоо боюнча орточо үстөк пайызы 5,1 пункттан (4,4 пайыз) турат, чакан жана орто ишкердикти насыялоого Фонддун каражатын берүүдөгү (каржы-насыялык уюмдар аркылуу) үстөк пайыз – АКШ доллары менен 5 пайыз жана кыргыз сому менен 9 пайыз (15.08.2017 чейин ЧОИнин кыргыз сом менен насыялоосу 12 пайызды, 15.08.2017 – 15.08.2019 аралыгында 10 пайызды түзгөн).

2015-2019-жылдары Фонд туруктуу оң каржылык натыйжаларды көрсөткөн: түз каржылоо боюнча да, Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары аркылуу чакан жана орто ишкердикти каржылоо боюнча да насыялык портфелди тез өрчүтүү (2-таблица).

2-таблица

РКӨФтүн 2015-2019-жылдардагы негизги каржылык иш натыйжалары
(миң АКШ доллары, аталган мезгилдин акырына карата)

	2015	2016	2017	2018	2019
Баалуу кагаздар	185 723	394 962	315 487	332 839	324 418
Насыялар, анын ичинде:					
- түз каржылоо	1 120	35 673	91 748	98 171	118 480
- ЧОИ каржылоосу	15 810	59 705	71 550	89 753	96 887
Киреше	707	2 578	9 971	10 129	8 635
Менчик капитал	350 028	503 859	509 066	523 413	531 982

Мында Фонд кирешени максималдаштыруу милдетин астыга койбойт. Фонддун кирешеси түзүүчүлөрдүн пайдасына бөлүштүрүлбөстөн, капиталдаштырылат. Бул долборлорду жеңилдетилген үстөк пайыз менен каржылоого мүмкүндүк берет.

Капиталдаштыруу деңгээли боюнча Фондду республиканын бүтүндөй банк тутумунун капиталдаштыруу деңгээли менен салыштырууга болот. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын маалыматына ылайык, 2019-жылдын натыйжасы боюнча банк тутумунун жалпы капиталы 42 070,0 млн сом деңгээлинде болду, бул 604,1 млн АКШ долларын түзөт. 2019-жылдын аягына карата КРУБдун расмий курсу боюнча, ал эми Фонддун өз капиталы 2019-жылдын акырында 532,0 млн АКШ долларына жеткен.

Фонддун инвестициялык жана долбоорлук иш-аракеттери

2019-жылы Россия-Кыргыз өнүгүү фонду экономиканын артыкчылыктуу тармактарында долбоорлорду каржылоо боюнча активдүү ишин уланткан

2019-жылы Россия-Кыргыз өнүгүү фонду экономиканын артыкчылыктуу тармактарында долбоорлорду каржылоо боюнча активдүү ишин уланткан, алардын катарында агроөнөр жай комплекси, тигүү жана текстиль өнөр жайы, кайра иштетүү өнөр жайы, унаа жана туризм бар.

Фонддун түз каржылоосу боюнча жактырылган долбоорлордун түзүмү жалпы суммасы 202,1 млн АКШ долларлык 57 ири долбоорду камтыйт. «Чакан жана орто ишердик субъектилерин насыялоо» программасы боюнча Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары жана микрокаржылоо уюмдары аркылуу Фонд суммасы 177,3 млн АКШ долларык 2294 долбоорду жактырган (3-таблица).

3-таблица

Россия-Кыргыз өнүгүү фонду жактырган долбоорлордун тармактык түзүмү, 31. 12. 2019 карата

Экономика тармактарынын аталышы	долбооорлордун саны	миң АКШ доллары	үлүшү, жалпы суммадан пайызы
Өндүрүш тармагы	491	114 681	30,2
Агроөнөр жай комплекси, айыл чарда өндүрүмүн чыгаруу жана кайра иштетүү	1 343	87 139	23,0
Туризм	140	46 415	12,2
Унаа жана кампа чарбасы	189	41 161	10,8
Инфраструктураны өнүктүрүү	124	40 487	10,7
Байланыш жана маалымат технологиялары	10	15 244	4,0
Каржы иш-аракети	1	5 754	1,5
Башка тармактар	53	7 113	1,9
ЧОИ субъектилерин каржылоо үчүн ФКУнун жеткиликтүү чеги		21 401	5,6
Бардыгы	2 351	379 394	100,0

Булагы: Россия-Кыргыз өнүгүү фонду

Фонддун инвестициялык-насыялоо иши эки багытта жүрөт:

- түз жана долбоорлук каржылоо алкагында ири инвестициялык насыяларды берүү;
- чакан жана орто ишкердик субъектилерин каржылоо үчүн Кыргыз Республикасынын каржы-насыялоо мекемелерин АКШ доллары жана улуттук валюта менен максаттуу фонддоо.

4-таблица

Россия-Кыргыз өнүгүү фонддун каржылоо багыттары, 31.12.2019 карата

	долбооорлордун саны	миң АКШ доллары	үлүш, пайызы
Түз каржылоо	57	202 124	53,3
Чакан жана орто ишкердик субъектилерин Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары жана микро каржылоо уюмдары аркылуу каржылоо	2 294	177 270	46,7
Бардыгы	2 351	379 394	100,0

Булагы: Россия-Кыргыз өнүгүү фонду

РКӨФтүн тармактар боюнча долбооорлору



РКӨФтүн аймактар боюнча долбоорлору



2019-жылы экспортко багытталган ишканаларды колдоонун алкагында Фонд «Факторингдик операцияларды каржылоо» насыялык өндүрүмүн иштеп чыккан. Бул продукт өз өндүрүмүн сатууга келишими бар экспортко багытталган ишканаларды жүгүртүүдөгү капиталын каржылоо үчүн актуалдуу. Насыялык өндүрүмгө ылайык, төлөмүн кийинкиге жылдыруу шарты менен сатуу жөнүндө келишимден келип чыгуучу акча талап кылуу укуктарын берүү шарты менен сатуучуну каржылоо каралат. Продукт Россия Федерациясынын жана ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн рыногуна чыгууга умтулуучу ата мекендик компаниялар үчүн өтө зарыл.

Фондго мүчө өлкөлөрдүн ортосунда экономикалык кызматташууну өнүктүрүү боюнча Фонддун миссиясын ишке ашыруунун алкагында жана россиялык компонентке ээ долбоорлорду өбөлгөлөө максатында «Кыргыз-Россиялык ишкер-өнөктөштүгү» өндүрүмү иштелип чыккан. Бул продуктта насыячыга АКШ доллары менен алынган насыя боюнча төлөнгөн үстөк пайыздын ½ жана сом менен алынган насыя боюнча – ¼ ар бир календардык жылдын жыйынтыгы боюнча кайтарып берилиши каралган. Бул үчүн Фонд алдында ар жылы милдеттемелерин аткарып жана долбоор төмөнкү шарттардын куру дегенде бирине туура келиши шарт:

- капиталында россиялык инвестордун 30 пайыздан кем эмес катышуусу;
- өндүрүмдүн 70 пайыздан кем эмеси Россия Федерациясына экспорттолот;
- насыянын 50 пайыздан кем эмес бөлүгү Россия Федерациясынан жогорку технологиялык жабдууларды сатып алууга жумшалат;
- насыянын 70 пайыздан кем эмес бөлүгү Россия Федерациясынан жабдуулар менен технологияларды сатып алууга жумшалат.

Кыргыз Республикасынын аймактарында ишкердик долбоорлорун андан ары ирилетүү багыты менен түзүп жана өнүктүрүү максатында стартап-долбоорлорду каржылоо башталган. Бул багыттын алкагында 2 млн АКШ доллары көлөмүндөгү каражат салынган. Бул каражаттар долбоорлорду түз каржылоо программасы боюнча стартап-долбоорлор менен Фонддун өнөктөш банктары аркылуу каржыланууучу долбоорлорго тең бөлүнөт.

Түз каржылоо боюнча стартап-долбоорлорду каржылоонун алкагында Кыргыз Республикасынын Фонд аз барган 3 аймагы тандалган (Баткен, Нарын жана Талас областтары). 2019-жыл жыйынтыгы боюнча 2 долбоор тандап алынган:

- Нарын областында сүттү кайра иштетүүчү завод куруу долбоору;
- Баткен областында абрикосту кайра иштетүү үчүн ХАССП стандарты боюнча заманбап логистикалык борбор куруу долбоору.

Кыргыз Республикасынын аймактарында стартап-долбоорлорду каржылоо алкагында, каржы-насыялык уюмдар жана «Кепилдик фонд» ААК менен бирге төмөнкү иш-чаралар жүргүзүлгөн:

- Кыргыз Республикасынын аймактарында стартап-долбоорлорун каржылоонун уюштуруучулук схемасы бекитилген;
- Кыргыз Республикасынын аймактарында стартап-долбоорлорду Фонддун каражаттарынын эсебинен каржылоо жөнүндө «Кепилдик фонд» ААК жана өнөктөш банктар («РСК Банк» ААК, «Бакай Банк» ААК, «Айыл Банк» ААК) менен алкактык келишимдерге кол коюлган;
- стартап-долбоорлорду каржылоо боюнча өнөктөш банктар («РСК Банк» ААК, «Бакай Банк» ААК, «Айыл Банк» ААК) менен агенттик келишимдерге кол коюлган.

Кыргыз Республикасынын аймакткарынын өнүгүүсүн өбөлгөлөө боюнча иш-чаралардын алкагында Фонддун жаңы өндүрүмдөрү менен ишкердик коомчулуктарын тааныштыруу максатында аймактарда жолугушуулар жана конференциялар өткөрүлгөн. «Кепилдик фонду» ААК үчүн Фонд 200 млн сомду Кыргыз Республикасынын аймактарында гана кепилдиктерди берүү шарты менен бөлүп берген.

Түз каржылануучу долбоорлор боюнча сумманын чеги 1 млн АКШ долларынан 200 миң АКШ долларына чейин түшүрүлгөн.

Бул чектөө Бишкек шаарынан, Чүй областынын Аламүдүн жана Сокулук райондорунан сырткары өлкөнүн бардык аймактарына тиешелүү.

2019-жылы «Фонддун капиталда үлүштүк катышуусу» конкурсунун алкагында Фонд тарабынан Кыргыз Республикасынын аймактарында интернетти жеткирүү боюнча 250 миң АКШ долларына барабар долбоор жактырылган. Натыйжада Фонд ишкананын инвестициялык программасын көбөйтүп, карыз жүгүн алгылыктуу деңгээлде сактап калуу менен компаниянын уставдык капиталга кирүүсүн жактырган. Андан тышкары, каржылануучу компанияны корпоративдик башкарууну жакшыртуу боюнча иш-чаралар каралган.

Түз каржылоо

2019-жылы Чүй областында Фонд атайын бут кийимди чыгаруучу көп профилдүү өндүрүштү түзүү боюнча долбоорду ийгиликтүү ишке ашырган. Бул ата мекендик алкачкы бут кийим фабрикасы. 2017-жылдын башында компания жарандык бут кийим өндүрүшүн өз алдынча ишке киргизген, ал эми 2019-жылы январда атайын бут кийим өндүрүшү ишке кирген. Фабрикага инвестициянын жалпы суммасы 4,2 млн АКШ долларын түзөт. Компаниянын өндүрүмү ЕАЭБ рынокторуна жиберилет, бул интеграциялык бирикмеге мүчө өлкөлөрдүн соода-экономикалык мамилелеринин өнүгүшүнө түрткү берет.

Бишкек шаарында диаметри 900 мм түтүктөрдүн үч катарынан турган жылуулук трассасынын альтернативалуу бутагы Фонддун каражатынын эсебинен каржыланып курулушу аяктаган. Альтернативалуу бутактын курулушу «Чыгыш» магистралынын өткөрүү жөндөмүн шаардын түштүк кичи райондорунун тургундары үчүн жылына 72740 Гкал жылуулук энергияга көбөйтүүгө мүмкүндүк берген. Долбоордун жалпы наркы 6,4 млн АКШ долларын түзөт.

Чүй областынын Москва районунда 2019-жылы жашылча-жемиштерди кайра иштетүү, томат пастасын жана кантты кутулоо боюнча консервалык завод ишке киргизилген. Долбоордун жалпы наркы 1,3 млн АКШ долларын түзөт. Долбоор мультипликативдик таасирге ээ, себеби жергиликтүү дыйкандардын түшүмүн кайра иштетүүгө багытталган.

Отчеттук жылда Фонддун кароосуна 58 арыз келип түшкөн, анын ичинен жалпы суммасы 47 млн АКШ долларын түзүүчү 22 арыз жактырылган алардын катарында:

- өндүрүш тармагында жалпы суммасы 18,5 млн АКШ долларлык 6 долбоор, алар желим (пластик) буюмдарды өндүрүүнү кеңейтүүгө, тигүү жабдыктарын сатып алууга, базальт буласын чыгаруу боюнча завод курууга, колбаса үчүн полиамид челин өндүрүүгө ж.б. багытталган;
- байланыш жана маалымат технологиялары тармагында жалпы суммасы 10,2 млн АКШ доллардык 3 долбоор, алар санариптик телерадио берүү жана телебайланыш жабдууларын ж.б. сатып алууга багытталган;
- агроөнөр жай комплекси тармагында айыл чарба өндүрүмүн чыгаруу жана кайра иштетүү боюча жалпы суммасы 8,9 млн АКШ долларлык 8 долбоор, алар айыл чарба өндүрүмдөрүн баштапкы кайра иштетүү жана сактоо боюнча комплекс курууга, мал союу жана этти алгачкы иштетүү боюнча завод курууга, сүттү кайра иштетүүчү заводду жаңылоого ж.б. багытталган;
- туризм инфраструктурасын өнүктүрүү тармагында жалпы суммасы 4,4 млд АКШ долларлык 2 долбоор, алар мейманкана комплексин курууга багытталган;
- инфраструктураны өнуктүрүү жана каржылык иш-аракет тармагында суммасы 4 млн АКШ долларлык 1 долбоор;
- унаа жана кампа чарбасы тармагында жалпы суммасы 1 млн АКШ долларлык 2 долбоор.

Түз каржылоонун алкагында бекитилген насыялар кошумча иш орундарын түзүү, мамлекеттик бюджетке салык төлөмдөрүн көбөйтүү, ата мекендик өндүрүшчүлөрдүн импортко көз карандылыгын кыскартуу жана Кыргыз Республикасынын экспорттук мүмүнчүлүгүн жогорулатуу түрүндө социалдык-экономикалык оң таасирди камсыз кылат.

Отчеттук жылдагы РКӨФ долбоорлорунун тармака бөлүнүшү (түз каржылоо)



«Биовит» ЖЧК

Фармацевтикалык завод

"ОСКО" ЖЧК

Вакуум кургатуучу завод

Чакан жана орто ишкердик субъектилерин каржылоо

Чакан жана орто ишкердикти (ЧОИ) максаттуу каржылоо программасынын алкагында Фонд өнөктөш банктар жана микро каржылоо уюмдары аркылуу чакан жана орто ишканаларга колдоо көрсөтөт. Фонддун чакан жана орто ишкердикти каржылоо тармагындагы ишинин башкы милдеттеринин бири 2019-жылы Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында насыя каражаттарына, о.э. чакан жана орто ишкердик субъектилерине каржылык колдоо көрсөтүүчү башка каржы-насыялоо уюмдарына, анын ичинде «Кепилдик фонд» ААКга жетишүүнү кеңейтүү боюнча ишти уюштуруу болду.

«Чакан жана орто ишкердик субъектилерин насыялоо» программасы боюнча Фонддун өнөктөштөрү болуп өлкөнүн 15 банкы жана 4 микро каржылоо уюму эсептелет.

Кыргыз Республикасында Фонддун программалары боюнча насыя берүүчү өнөктөш банктар менен микро каржылоо уюмдардын аймактык түйүнүн өлкөнүн бардык аймактарындагы 632 бөлүк (филиалдар, бөлүмдөр менен аймактык өкүлчүлүктөр) түзөт.

Өнөктөш банктар жана микро каржылоо уюмдар менен иштөө мезгилинде Фондго насыячылардын каржылык абалынын өрчүшүнө көз жүгүртүп жана алар начарлаган учурда шашылыш аракет көрүү (анын ичинде күрөөлүк камсыздоо сапатына талапты жогорулатуу жолу менен), насыялардын камсыздуулугун, төлөмдүүлүгүн жана кайтарымдуулугун колдоого, түзүлгөн каржы уюмдарынын Фонддун ресурстарынын эсебинен насыялык портфелине мониторинг жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берүүчү өз ара аракеттешүү жол-жобосу калыптанган.

Бул жол-жобо Фонддун операциялык жана насыялык тобокелчиликтерин кыскартууну, насыялардын кайтарымдуулук деңгээлинин жогорулугун камсыз кылууну (коммерциялык банктар жана микро каржылоо уюмдары дефолт же төлөмдөрдү кечиктирүү учурларына эмес), айрым өнөктөш банктарга жаңылануучу насыялык катарларды мурунку насыялар төлөнүшүнө жараша колдонуу мүмкүнчүлүгүн берүүнү мүмкүн кылат.

Фонддун программаларынын/насыялык өндүрүмдөрүнүн алкагында өнөктөш банктар чакан жана орто ишкердик субъектилерине жеңилдетилген пайыз менен – улуттук валютада жылдык 10 пайыз жана АКШ долларында жылдык пайыз менен насыя каражаттарын беришкен. 2019-жылы августта чакан жана орто ишкердик субъектилери үчүн жагымдуу шарттарды түзүү максатында улуттук валютадагы насыялардын пайызын 9га түшүрүү чечими кабыл алынган. Чакан жана орто ишкердик субъектилерине каржы Фонддун программаларынын/насыялык өндүрүмдөрүнүн бекитилген критерийлерине жараша 7 жылга чейинки мөөнөткө берилген.

«Чакан жана орто ишкердик субъектилерин коммерциялык банктар аркылуу насыялоо» программасынын алкагындагы Фонддун өнөктөш банктары: «Айыл Банк» ААК, «РСК Банк» ААК, «БТА Банк» ЖАК, «КБ Кыргызстан» ААК, «Кыргыз Инвестициялык-насыялоо банкы» ЖАК, «Халык Банк Кыргызстан» ААК, «Азия Банкы» ААК, «Капитал Банк» ААК, «Банк Компаньон» ЖАК, «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК, «Оптима Банк» ААК, «Бакай Банк» ААК жана «Кыргызкоммерцбанк» ААК. Отчеттук жылда «Бай-Түшүм» банкы ЖАК жана «Кыргыз-Швейцар Банкы» ЖАК үчүн насыяларга чектөөлөр бекитилген.

Өнөктөш банктар жана микро каржылоо уюмдар менен иштөө механизми операциялык жана насыялык тобокелчиликтерди кыскартууга мүмкүнчүлүгүн берди

Жалпысынан 2019-жылда өнөктөш банктар жана микро насыялоо мекемелери аркылуу жактырылган долбоорлордун көлөмүнүн өсүшү 17,5 пайызды түзүп, төмөнкү факторлор менен камсыздалган:

- насыяларды эки валютада (АКШ доллары жана улуттук валюта менен) берүү, бул чакан жана орто ишкердик субъектилерине өз киреше булагынын валютасына ылайык каржы алууга мүмкүндүк берди;
- жаңы өнөктөш банктар үчүн насыялоонун кошумча чектерин орнотуу, айрым өнөктөш банктар үчүн («Айыл Банк» ААК, «Коммерциялык Банк КЫРГЫЗСТАН» ААК, «Кыргыз Инвестициялык-насыялоо банкы» ЖАК, «Халык Банк Кыргызстан» ААК, «БТА Банк» ЖАК, «Оптима Банк» ААК, «Бай-Түшүм» банкы ЖАК жана «Кыргыз-Швейцар Банкы» ЖАК) жаңылануучу (револьвердик) насыялоо катарын бекитүү;
- Кыргыз Республикасынын өнөктөштөрүн – микро каржылоо уюмдарынын санын көбөйтүү, атап айтканда, «АБН» МКК ААК, «Байлык Финанс» МКК ЖЧК, жана «БТ Инновэйшнс» КК КФтин чектөөсүн жогорулатуу.

Кыргыз Республикасында жаны интенсивдүү бакчылык технологияларын киргизүү, кайра иштетүүчү ишканаларды зарыл сандагы чийки заттар менен камсыз кылуу, о.э. «Интенсивдүү бактарды түптөөнү каржылоо» насыялык өндүрүмү боюнча тармактын экспорттук мүмкүнчүлүгүн жалпы жогорулатуу максатында отчеттук жылдын акырына карата Фонд интенсивдүү бактарды түптөө боюнча жалпы суммасы 3,4 млн АКШ долларлык 37 долбоорду каржылаган. Алардын жалпы аянты 500 гектарды түздү.

Фонддун программалары боюнча насыя берүүчү өнөктөш банктар менен микро каржылоо уюмдардын аймактык түйүнүн өлкөнүн бардык аймактарындагы 632 бөлүк түзөт

Фонд айыл чарба техникасын, кайра иштетүү, өнөр жай жана азык-түлүк багытындагы жабдууларды сатып алуу боюнча лизингдик операцияларды өнүктүрүүгө институциялык колдоо көрсөткөн. Коммерциялык банктар жана микро каржылоо уюмдары аркылуу өз программалары/«Лизингдик операцияларды каржылоо» насыялык өндүрүмү боюнча Фонд суммасы 8,4 млн АКШ долларын түзгөн 113 даана техника жана жабдуу сатып алууну каржылаган (насыячынын өз төлөмүн эсептөө менен).

Чакан ишкердикти Кыргыз Республикасынын микро каржылоо уюмдары аркылуу каржылоо программасынын алкагында чакан ишкердик субъектилерине жана топтук насыячыларга өз ишкердигин бутуна тургузуп жана өнүктүрүүгө 500 миң сомго чейинки насыя алууга мүмкүндүк берген. 2019-жылдын акырына карата микро каржылоо уюмдары чакан ишкердик субъектилерине 3,2 млн АКШ долларынан ашык суммадагы насыя беришкен.

2019-жылы каржы рыногунда насыялар боюнча пайыздын түшүүсү уланганы-гы байкалат.

Бул көрүнүш чакан жана орто ишкердик субъектилерин максаттуу каржылоо алкагында Фонддун өнөктөш банктар менен кызматташуусу башталгандан бери байкалып келет.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын малыматы боюнча (мындан ары текст боюнча – КРУБ) коммерциялык банктардын 3 жана андан ашык жылга жаңы берилген насыялары боюнча орточо пайызы 2019-жылдын декабры үчүн 12,2 пайызды түзгөн, бул 2015-жылдын сентябры боюнча ошондой эле көрсөткүчкө салыштырганда 5,2 пайыздык пунктка төмөндөгөн (2015-жылдын сентябрында – 17,41 пайыз).

2019-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын банк тутумунун насыялык портфели 144 200 млн сомду түзүп, отчеттук мезгилде 12,8 пайызга өскөн (2017-жылдын акырына карата – 127 885 млн сом). Фонд бүтүндөй банк тутуму боюнча насыялоонун жалпы көлөмүндө олуттуу үлүштү ээлейт, алсак, Фонддун насыялык портфели Кыргыз Республикасынын жалпы банк тутумунун насыялык портфелинин 10,3 пайызын ээлейт.

Долбоорлорду даярдоо жана коштоо фонддун каражаттарын пайдалануу

Долбоорлорду ийгиликтүү ишке ашыруу, инвестицияланууучу каражаттардын натыйжалуулугун жогорулатуу жана Фонддун кирешесинен чегерүүлөрдүн эсебинен ишкердик чөйрөнү жакшыртуу максатында Долбоорлорду даярдоо жана коштоо фонду (ДДКФ) – ишке ашырылып жаткан инвестициялык долбоорлор боюнча техникалык жардам көрсөтүү жана экспертиза жүргүзүү, о.э. рыноктору, экономиканын түрдүү секторлорун талдоо боюнча изилдөөлөрдү жана иш-чараларды каржылоонун, тармактык жана аймактык программаларды иштеп чыгып алдыга жылдыруунун жол-жобосу түзүлгөн. ДДКФ каражаттары көбүнчө грант-тык негизде бөлүп берилип, ага долбоордун демилгечилеринин жеке салымы да кошулат.

ДДКФтин көлөмү 2019-жылдын акырына карата 1896 миң АКШ долларын, ал эми отчеттук жылдагы чегерүүлөр 604 миң АКШ долларын түзөт.

2019-жыл ичинде ДДКФтин каражаттарынын эсебинен техникалык/кеңешүүчүлүк жардам көрсөтүүгө жана иш-чаралар менен изилдөөлөрдү каржылоого жактырылган 156 миң АКШ долларынын 75 миң АКШ доллары жумшалган.

Отчеттук жылда Фонд долбоорлук документтерди (анын ичинде ишкердик пландарды, техникалык-экономикалык негиздерди) даярдоо, о.э. долбоорду ишке ашыруунун бардык баскычтарында коштоо боюнча түрдүү технологиялык жана адистештирилген колдоо көрсөтүү боюнча квалификациялуу жардам кыла турган компанияларды аккредитациялоо боюнча иш жүргүзгөн.

ДДКФтин көлөмү 2019-жылдын акырына карата 1896 миң АКШ долларын, ал эми отчеттук жылдагы чегерүүлөр 604 миң АКШ долларын түзөт

Каржы рыногунда фонддун иш-аракети жана казыналык операциялар

Убактылуу бош каражаттарды башкаруу боюнча иш-аракеттин натыйжасында алынган кирешелер Фондго долбоорлорду жеңилдетилген үстөк пайыз менен насыялоого мүмкүндүк берди

Каржы рынокторунда иш-аракеттерин Фонд убактылуу бош каражаттарды башкаруу боюнча процесстин алкагында жүргүзгөн. Казыналык операциялар убактылуу бош каражаттардын сактык жана натыйжалуу пайдалануу принциптерине ылайык гана жүргүзүлгөн. Инвестициялоонун каржылык инструменттерин тандоодо негизги шарт болуп кирешелүүлүктүн үстүнөн ликвидүүлүгүнүн жана ишенимдүүлүгүнүн артыкчылыгы эсепелет. Убактылуу бош каражаттарды башкаруу боюнча иш-аракеттин натыйжасында алынган кирешелер Фондго долбоорлорду жеңилдетилген үстөк пайыз менен насыялоого мүмкүндүк берди.

Фонддун кеңеши тарабынан Фонддун убактылуу каражаттар портфелинин негизги стратегиялык параметрлери аныкталган. Фонддун башкармалыгы убактылуу каражаттарды инвестициялоонун Фонддун кеңеши берген стратегиялык параметрлерге ылайык каржы инструменттерин тандоо, көлөмүн жана мөөнөтүн аныктоо боюнча чечимдерди кабыл алган.

Фонддун ички ченем документтери менен аныкталган лимиттердин жана чектөөлөрдүн алкагында убактылуу бош каражаттар мамлекеттик жана корпоративдик эмитенттердин карыздык баалуу кагаздарына гана, о.э. Standard and Poor's же Fitch Ratings рейтингдик агенттиктеринин классификациясы боюнча «BB–» деңгээлинен, же Moody's Investors Service рейтингдик агенттигинин классификациясы боюнча «Ba3» деңгээлинен кем эмес насыялык рейтингине ээ эл аралык каржы институттарынын карыздык инструменттерине жайгаштырылган. Мындай насыялык сапаттагы инструменттер о.э. Фонддун кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүктү башкаруу боюнча операцияларда колдонулган.

Фонд ишке ашырып жаткан долбоорлорго каражаттарды тартуу жагынан россиялык жана чет элдик экспорттук-импорттук институттар менен, о.э. эл аралык өнүктүрүү институттары менен кызматташуу жүргүзүлгөн. Фонд Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында каражаттарды тартуу маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен активдүү кызматташууну улантканы.

"Дар Земли" ЖЧК

Консервалык завод



«Кант Сүт» ЖЧК

Табигый сүт азыктарын өндүрүү

Фонддун иш-аракеттеринин социалдык-экономикалык таасири

Жаңы түзүлгөн иш орундарынын саны 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча 3,4 миң адамды түздү

Фонддон каржы алган ишканалар менен жеке ишкерлердин кирешеси 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча 9167,9 млн сомго өскөн (КРУБдун 2019-жылдын акырына карата расмий курсу боюнча 131,6 млн АКШ доллар). Түз каржылоо боюнча да, ЧОИ программасы боюнча да жалпы кирешенин өсүш тездиги 18,1 пайызды түздү.

Фонддон каржы алган ишканалар менен жеке ишкерлердин жалпы кирешеси жылдын жыйынтыгы боюнча 51,2 млрд сомду (ИДӨнүн 8,7 пайызын) түзгөн.

Фонддон каржы алган ишканалар менен жеке ишкерлердин салыктык чегерүүлөрү жылдын жыйынтыгы боюнча 21,0 пайызга өскөн, бул өндүрүштү кеңейтүүгө жана ага жараша иш менен камсыз болгондордун санынын өсүшүнө байланышкан. Салык чегерүүлөрүнүн көлөмү 941,8 млн сомго өскөн (КРУБдун 2019-жылдын акырына карата расмий курсу боюнча 13,5 млн АКШ доллары).

Фонддун насыячылары чегерген жалпы салык 5,4 млрд сомду же өлкөнүн мамлекеттик бюджетине түшкөн бардык салыктын 4,5 пайызын түзгөн.

$202 млн
Түз кыржылоо

$177 млн Өнөктөш банктар жана микро каржылоо

ЖЫЙЫНДЫ КИРЕШЕ
51 млрд сомду
(ИДӨдөн 8.7%)

18% өсүш арымы

$132 млн өскөн

САЛЫК ТӨГҮМДӨРҮ
5,4 млрд сомду | КРдин мамбюджетине түшкөн бардык салык төгүмдөрүнүн 4,5%ын түзгөн

21% өскөн

Көлөмү **$13,5 млн** өскөн

Фонддун насыячылары чегерген жалпы салык 5,4 млрд сомду же өлкөнүн бюджетине түшкөн бардык салктын 4,5 пайызын түзгөн

Фонддон каржы алган ишканалар менен жеке ишкерлердин Россия Федерациясына экспортунун көлөмү 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча 34 пайызга, ЕАЭБ өлкөлөрүнө – 8 пайызга өскөн. 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча экспорттун көлөмү наркы боюнча: Россия Федерациясына – 37,7 млн АКШ долларын, ЕАЭБ өлкөлөрүнө – 28,5 млн АКШ долларын жана үчүнчү өлкөлөргө – 90,7 млн АКШ долларын түзгөн.

Фонддон каржы алган ишканалар менен жеке ишкерлер 134,3 млн АКШ долларына жабдууларды сатып алган, анын ичинен: Россия Федерациясынан – 25,8 млн АКШ долларына, ички рыноктон – 26,3 млн АКШ долларына, ЕАЭБден – 8,4 млн АКШ долларына жана үчүнчү өлкөлөрдөн – 73,8 млн АКШ долларына жабдуулар алынган. Негизги каражатты сатып алууга кеткен жалпы сумма Кыргыз Республикасынын бардык каржылоо булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестициялоонун (капиталдык салымдар) 5,8 пайызын түзөт.

Сатып алынган чийки заттардын жана материалдардын жалпы көлөмү 216,8 млн АКШ долларын түздү, Россия Федерациясынан чийки заттар менен материалдарды сатып алууларга бардык сатып алуулардын 28,3 пайызы, ЕАЭБ өлкөлөрүнөн – 14,6 пайызы жана үчүнчү өлкөлөргө – 12,2 пайызы туура келет. Демек, сатып алуулардын дээрлик 45 пайызы Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн.

Жаңы түзүлгөн иш орундарынын саны 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча 3,4 миң адамды түздү, алардын ичинен 748 адам, же 22 пайызы аялдар. Долбоорлор ишке ашырылгандан кийин иш орду менен кыйыр камсыз болгондордун саны 56,8 миң адамды түздү.

ЭКСПОРТТУН КӨЛӨМҮ

РФке **34%** өстү

ЕАЭБ өлкөлөрүнө **8%** өстү

РФке	**$38 млн**
ЕАЭБ өлкөлөрүнө	**$28,5 млн**
Үчүнчү өлкөлөргө	**$91 млн**

МАТЕРИАЛ ЖАНА ЧИЙКИ ЗАТТАРДЫ САТЫП АЛУУ

НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАРДЫ САТЫП АЛУУ

Негизги капиталга инвестициялоонун КРдеги бардык каржылоо булактарынын эсебинен 5,8%ын түздү

ЖУМУШ ОРУНДАРЫН ТҮЗҮҮ

3,4 миң Кыйыр баштан түзүлгөн жумуш орундары

748 аялдар

56,8 миң Кыйыр түрдө камсыздалган жумуш ордулары

Фонддун эл аралык иш-аракеттери

2019-жылы Фонд «Туруктуу өнүктүрүү үчүн реформаларды тездетүү» жогорку деңгээлдеги өнүктүрүү форумуна катышкан

2019-жылдын сентябрында Евразиялык экономикалык комиссия (ЕЭК) уюштуруучу «Евразия жумалыгы» эл аралык төртүнчү форумдун алкагында ЕАЭБге мүчө мамлекеттер менен биргеликте II Кыргыз-Россиялык ишкер-форуму өткөн. II Кыргыз-Россиялык ишкер-форуму төмөнкү багыттар боюнча секциялык отурум түрүндө жүргүзүлгөн: «Кыргыз Республикасынын чакан жана орто энергетикасы – өнүгүү келечеги жана долбоорлор», «Чакан жана орто ишкердик субъектилерин каржылоо – Кыргыз Республикасынын экономикасынын өсүш кыймылдаткычы», «Агроөнөр жай комплекси ЕАЭБ алкагында».

Форумдун ишинде 150дөн ашуун катышуучу болгон. Форумдун натыйжасы боюнча бир катар келишимге кол коюлган, анын ичинде Фонд менен Чакан жана орто ишкердикти өнүктүрүү боюнча федералдык корпорациянын (ЧОИ корпорациясы) ортосунда өз ара түшүнүүчүлүк жөнүндө меморандум бар. Меморандумдун максаты ЕАЭБге мүчө эки мамлекеттин тең ишкердигин өнүктүрүүгө көмөк кылуу маселелеринде күч-аракеттерди бириктирүү, Россия менен Кыргызстандын чакан жана орто ишкердик субъектилеринин ортосунда өз ара пайдалуу мамилелерди орнотуу жана кооперацияны өнүктүрүү болуп эсептелет. О.э. Форумдун алкагында чакан гидроэлектростанцияны куруу боюнча долбоорлордун техникалык-экономикалык негиздерин иштеп чыгуу жөнүндө Россиянын «МНТО ИНСЕТ» АК компаниясы менен Кыргызстандын «САТЕЛЛИТ-2005» ЖЧК компаниясынын ортосунда келишимге кол коюлган.

2019-жылы Фонд «Туруктуу өнүктүрүү үчүн реформаларды тездетүү» жогорку деңгээлдеги өнүктүрүү Форумуна катышкан. Форумга Кыргыз Республикасынын өкмөтү жана Өнөктөштөрдүн координациялык кеңешине (ӨӨКК) бириккен Өнүгүү боюнча өнөктөштөр, о.э. башка эл аралык жана улуттук уюмдар, жарандык коом жана ишкер коомчулугунун өкүлдөрү Кыргыз Республикасын өнүктүрүү максатында учурдагы милдеттерди талкуулоо жана андан аркы биргелешкен иш-аракеттерди талкуулоо үчүн катышкан.

Форумдун жүрүшүндө катышуучулар биргелешкен иш-аракеттер үчүн артыкчылыктуу багыттарды макулдаштырып, о.э. турктуу, кенен маштабдагы жана инклюзивдүү өнүгүүнү камсыз кыла турган болочок өз ара аракеттердин чектерин аныкташкан.

Эл аралык айыл чарбаны өнүктүрүү фнду (ЭАӨФ) каржылоочу «Рыноктордун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу» долбоору (РЖКД) боюнча кызматташуунун алкагында Россия-Кыргыз өнүгүү фонду мал чарбалыгы тармагында долбоорлорду жана үстөк нарктын катарын өнүктүрүүнү кош каржылоо иретинде 20 млн АКШ долларына чейин бөлүүнү пландап жатат.

2019-жылы айыл чарбада инвестициялардын кирешелүүлүгүн жогорулатуу үчүн, ҮНК катышуучуларын өнүктүрүү жана алардын атаандаштык жөндөмүнүн өсүшү үчүн үстөк нарктын катарын (ҮНК) каржылоо максатында Германия өнүктүрүү банкы (KfW) менен кызматташуу жөнүндө эки тараптуу меморандум түзүү боюнча сүйлөшүүлөр башталды. Натыйжада аграрды өндүрүш-сатуу катарларын каржылоо пландалууда. Кызматташуунун алкагында айыл чарба өндүрүмүн чыгарып, аларды өз алдынча же ортомчулар аркылуу агро кайра иштетүүчү компанияларга сатуучу фермерлер, фермердик чарбалар каржыланууга тийиш.

2019-жылы Фонд БУУӨПтүн «КМШ чөлкөмүндө туруктуу өнүктүрүүнү каржылоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү бекемдөө» долбоорунун алкагында БУУнун Өнүктүрүү программасы (БУУӨП) менен кызматташууну улантканын. Биринчи компонент Фонд тарабынан каржылана турган алгылыктуу долбоорлорду аныктап, даярдап жана ишке ашырууда Кыргыз Республикасына техникалык жардам көрсөтүүгө багытталган.

Долбоорду ишке ашыруунун алкагында артыкчылыктуу инвестициялык долбоорлордун тизмесин түзүү боюнча Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдында кеңеш түзүлгөн. Бул Кеңешке Фонд башкармалыгынын бир мүчөсү, БУУӨПтүн, КР Экономика министрлигинин, КР өкмөттүк аппаратынын, Инвестицияларды жана ишкер коомчулугун алдыга жылдыруу жана коргоо агенттигинин өкүлдөрү кирген. Кеңештин бир нече отуруму болуп, анда техникалык-экономикалык негиздөөнү (ТЭН) жана ишкердик пландарды тандалган консалтингдик компания иштеп чыгуусуна бир катар ишкердик долбоорлорго кайрылуулар жактырылган. Аталган компания жактырылган ишкердик долбоорлор боюнча кайрылуулар үчүн ТЭН иштеп чыгууга киришти.

Каржылоо үчүн долбоорлорду даярдоодо ишкерлердин мүмкүнчүлүгүн бекемдөө максатында, аларга түрткү берип жана каржы ресурстарына жетүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү үчүн, о.э. артыкчылыктуу улуттук долбоорлорго инвестициялык агымды тездетүү жана ага тоскоолдуктарды жеңүү үчүн, БУУӨП Фонд тарабынан каржыланууучу түрдүү секторлор үчүн ишкердик пландардын үлгүлөрүн иштеп чыгууда техникалык колдоо көрсөттү.

Өлкө боюнча стартап-долбоорлорду каржылоону колдоо боюнча Фонддун жаңы программасынын алкагында, БУУӨПтүн гранттык колдоосу менен тандап алынган компания ишкердик долбоорлорду жакшыртуу үчүн ишкерлерге интенсивдүү тренингдерди уюштуруп өткөргөн. 2019-жылы август жана сентябрь айларында Талас, Баткен жана Нарын областтарында 10 компаниянын катышуусу менен тренингдер өткөрүлгөн. Тренингдин жүрүшүндө алынган билимдер менен көндүмдөрдөн тышкары, тренингдин катышуучулары кесиптик мүмкүнчүлүктөрүн андан ары өрчүтүү боюнча жеке кеңештерди алышкан.

РКӨФтүн эл аралык өнөктөштөрү

РОСЭКСИМБАНК

ВЭБ БАНК РАЗВИТИЯ

Европейский банк реконструкции и развития

Евразийский Банк Развития

Czech Export Bank Česká exportní banka

ADB

ARIS

OeKB

TÜRK EXIMBANK

exim

ICD Islamic Corporation for the Development of the Private Sector

UNDP

FAO FIAT PANIS

IFAD International Fund for Agricultural Development

KFW

Корпорация МСП

Артыкчылыктуу инвестициялык долбоорлордун тизмесин түзүү боюнча Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдында кеңеш түзүлгөн

Тобокелдиктерди башкаруу

2019-жылы Фонддун бардык нормативдери жогорку деңгээлде, жол берилчүү белгилердин эң акыркы чегине карата олуттуу запасы менен кармалып турган

Тобокелдиктерди башкаруу тутуму Фонддун стратегиялык милдеттери менен миссиясын ишке ашырууну колдоого багытталган ченем-методологиялык жана уюштуруучулук бөлүктөрдөн турган комплекс болуп эсептелет. Бул тутум тобокелдиктерди идентификациялоо, баалоо жана мониторинг жүргүзүү, тобокелдиктерди оптималдаштыруу жана төмөндөтүү боюнча натыйжалуу чараларды иштеп чыгуу жана тобокелдиктер жөнүндө үзгүлтүксүз отчеттуулукту түзүү аракеттерин камтыйт.

Отчеттук мезгилде тобокелдиктерди башкаруунун башкы элементтерин ишкердик процесстерге интеграциялоо жана тобокелдиктерди башкаруу процесстерин жакшыртуу, анын ичинде долбоорлук каржылоонун тобокелдиктерин, капиталга катышууну, субординацияланган насыялоону баалоону жакшыртуу боюнча иш-аракеттер сунушталган. Аталган иш тобокелдиктерди башкаруу тутуму Фонддун иш-аракеттеринин мүнөзүнө жана масштабына, алар кабыл алып жаткан тобокелчиликтердин өзгөрүүчү профилине жана андан ары өнгүү мактаждыктарына ылайык келишин колдоо үчүн аткарылган.

Тобокелдиктерди башкаруунун негизги стратегиялык милдети Фонддун иши дуушар болуучу тобокелдиктердин таасиринен болуучу жоготууларды анын коопчулук-аппетитин жана тобокелдик-профилин эске алуу менен чектөө, Фонддун стратегиялык максаттарына ылайык каржылык ишенимдүүлүгүн жана узак мөөнөттүү туруктуу өнүгүшүн камсыз кылуу болуп эсептелет.

Ошону менен катар Фонд экономикалык жана интеграциялык таасирин максималдаштыруу үчүн негизинен узак мөөнөттүү долбоорлук каржылоого багыттанат, бул көп учурда тобокелдик профили Кыргыз Республикасынын банк тутуму боюнча орточо деңгээлден жогору болгон долбоорлорго туура келет. Экономикалык таасирди максималдаштыруу үчүн Фонд ири долбоорлорду көп каржылагандыктан, демек, Фонддун ишинде да коопчулуктар топтолушу мүнөздүү.

Ошону менен катар Фонд каржылык туруктуулукту жогоку деңгээлде сактап келет.

Ал эми насыялык-инвестициялык портфель алдында калыптанган резервдер (МСФО 9 стандартына ылайык) бөлүштүрүлбөгөн киреше менен бирге 2 жана 3-баскычтардан каржылык инструменттер боюнча карыздардын калдыгынан ашык болот. [2]

Андан тышкары, тобокелдик деңгээлин баалоо жана көзөмөлдөө үчүн капиталдын жетиштүүлүк номинативдери, активдердин сапаты менен ликвиддүүлүк запасы туруктуу эсепке алынып турат. 2019-жылы Фонддун бардык нормативдери жогорку деңгээлде, жол берилчүү белгилердин эң акыркы чегине карата олуттуу запасы менен кармалып турган, бул Фонддун ишинин туруктуулугун жана тең салмактуулугун, о.э. өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүгө түрткү болчу долбоорлорду андан ары (түз да, каржы-насыялоо уюмдары аркылуу да) каржылоо үчүн олуттуу мүмкүнчүлүктөр бар экенин күбөлөйт.

2 2 жана 3-баскычтар МСФО 9 стандартынын алкагында каржылык инструментетрди классификафиялоодо колдонулат:

2-баскыч – баштапкы моюнга алынган күнгө салыштырмалуу насыялык тобокелдиктин олуттуу жогорулаш белгилери бар каржылык инструменттер.

3-баскыч – насыялык баасы кеткен, дефолт критерийлерине жооп берүүчү каржылык инструменттер

2020-жылдын биринчи айларында дүйнөлүк рынокто COVID-19 вирус пандемиясынын жана аны кыскартуу үчүн көрүлгөн карантиндик чаралардын натыйжасында пайда болгон олуттуу туруксуздук байкалат. Пандемия жана карантиндик чаралар чек аралар аркылуу жүрүүлөрдү чектөөгө, Кыргыз Республикасында өзгөчө абалды киргизүүгө алып келди, ал эми нефть экспорттоочу өлкөлөрдүн биримдиги (OPEC+) форматынын алкагындагы макулдашуулар жетишилбегендиги менен катар, мунай заттын жана фонддук интекстердин баасы кескин түшүүсүнө жана анын натыйжасында кыргыз сомунун АКШ долларына карата курсу төмөндөшүнө (15 жана андан көп пайызга) алып келди. Бул аталган өрчүү багыты мындан ары улана турган болсо, корпоративдик насыячыларга, анын ичинде Фондго долларлык каржы берүүчү каржы институттарынын насыялоо тобокелдигине терс таасир кылышы мүмкүн.

Ошону менен катар, каатчылык абалга карабай, Фонд төмөнкү себептер боюнча туруктуу каржылык орунга ээ:

1. Корпоративдик кардарларга АКШ доллары менен берилген насыялардын портфели Кыргыз Республикасынын банктарынан айырмаланып Фонддун капиталында негизги үлүштү ээлебейт, ал 20 пайыз деңгээли менен чектелген (салыштыруу үчүн, өлкөнүн банк тутуму боюнча чет элдик валютадагы насыялардын капиталга карата катнашы, КРУБдун маалыматына ылайык, 2019-жылдын акырына карата 120 пайыздан ашык болгон).

Фонддун баасы боюнча, Фонддун түз каржылоо боюнча насыялык портфелинин болжол менен 80 пайызы азыркы учурга карата сезимтал болуп эсептелет. Аталган портфель боюнча резервдер Фонддун бөлүштүрүлбөгөн киреше-си менен бирге аталган портфелдин 1/3 ашык пайызын жабат, анан калса, күрөө мене камсыздуулугунун жогорку деңгээли байкалат.

Натыйжада экономикада жана валюталык рынокто терс өрчүү улана турган болсо, Фонддун капиталынын жетиштүүлүк нормативи бузулбайт.

2. Фонд өзүнүн балансында леверидждин жоктугуна байланыштуу, КРУБ АКШ долларын күрөөгө алуу менен (Фонддун капиталы жагынан) берген сом түрүндөгү насыялык катардын траншы узартылбаган учурдагы валюталык ликвиддүүлүк коопчулугунан тышкары, ликвиддүүлүк коопчулугуна кабылбайт. Фондго кыргыз сому менен насыялык катарды берүү жөнүндө КРУБ менен башкы келишим боюнча үстөк пайыз өзгөрбөгөн шартта пайыздык коопчулукка кабылуу коркунучу да аз. Фонддун активдүү операциялары анын капиталы менен же анын капиталынын айрым бөлүгүн күрөөгө коюу менен алынган каражаттар менен толук каржыланат. Мында Фонддун капиталынын 60 пайызы акча түрүндө же инвестициялык деңгээлдеги эл аралык (S&P, Moody's жана Fitch) насыялык рейтингге ээ жана кыска дюрациялуу жогорку ликвиддүү баалуу кагаздар түрүндө берилген, бул Фондго ликвиддүүлүк коопчулугунан жана ал боюнча баа коопчулугунан оолак болууга мүмкүндүк берет. Олуттуу оң фактор болуп глобалдуу каатчылыктарга карабай Россияда инвестициялык рейтингдин (BBB-) S&P-тан туруктуу алдын ала божомолу менен бекитилиши эсептелет. [3]

3. Валюталык активдер менен пассивдер тең салмаксыз болгон учурда пайда болуучу валюталык коопчулукка Фонддун кабылуу мүмкүндүгү анын анча чоң эмес валюталык абалына байланыштуу алгылыктуу деңгээлде турат (капиталдын 0,5 прайызынан кем). Валюталык рыноктун туруксуздук шартында алгылыксыз болуп эсептелчү Фонддун валюталык түз коопчулугу КРУБ берген сомдук транштар узартылбаган учурда болушу мүмкүн, мындай көрүнүш тийштүү насыялык катар күчүндө турган мезгил аралыгында (2015-жылдын 2-жартысынан тартып) бир да жолу болгон эмес; жана/же андай тобокелдик Фонд берүүчү валюталык насыялардын кайсы бир бөлүгү КРУБдан тийиштүү сомдук ликвиддүүлүктү алуусуз кыргыз сомуна конвертацияланган учурда болушу мүмкүн.

Натыйжада экономикада жана валюталык рынокто терс өрчүү улана турган болсо, Фонддун капиталынын жетиштүүлүк нормативи бузулбайт

3 26.03.2020 карата

Ошентсе да, болуп жаткан окуялар Кыргыз Республикасында чарбалык иштерди жүргүзүү шарттарынын айкын эместигин жогорулатат, буга байланыштуу Фонд макроэкономикалык абалдын өнүгүшүнө жалпы байланышкан коопчулуктарга кабылууну төмөндөтүү максатында мониторинг жүргүзөт, о.э. өз мандатына ылайык өлкөнүн экономикасын колдоо үчүн каатчылыкка каршы чараларды көрөт.

Ушуга байланыштуу Фонд каатчылыкка каршы чаралардын түз каржылануучу жана ЧОИнин максаттуу каржылануучу насыячылар үчүн эки пакетин кабыл алган, алардын ичинде:

- негизги карызды жабуу жана насыяны төлөө мөөнөтүн насыячыларга учурдагы каатчылыкабал таасир беришине жараша 3 айдан 12 айга чейин узартуу;
- каржылоо шарттарын жана күрөөлүк камсыздоо талабын бузган учурда таасир кылуу чараларын убактылуу колдонбоо;
- пайыздарды төлөөгө карата белгилүү бир убакытка мораторий киргизүү;
- учурдагы абалдын кесепеттерин жеңилдетүү үчүн зарыл болгон башка чаралар.

Фонд каржы-экономикалык конъюнктуранын өзгөрүшүнө үзгүлтүксүз баа берип, өзү каржылоочу экономикалык субъектилер үчүн учурдагы абалдын кесепеттерин жеңилдетүүгө багытталган каатчылыкка каршы кошумча чараларды иштеп чыгууну улантат.

Түз каржылоо, чакан жана орто бизнести каржылоо программасынын кардарларына антикризистик чаралар

Негизги карызды жабуу жана насыяны төлөө мөөнөтүн насыячыларга учурдагы каатчылык абал таасир беришине жараша 3 айдан 12 айга чейин узартуу

Каржылоо шарттарын жана күрөөлүк камсыздоо талабын бузган учурда таасир кылуу чараларын убактылуу колдонбоо

Пайыздарды төлөөгө карата белгилүү бир убакытка мораторий киргизүү

Учурдагы абалдын кесепеттерин жеңилдетүү үчүн зарыл болгон башка чаралар

"Айко Сейко" ЖЧК

Атайын кийим жана униформа чыгаруу

Фонддун 2020-жылга карата иш пландары

2020-жылы каржы институтунун капиталына кирүү боюнча Фонддун планын ишке ашыруу пландалууда

2019-жылы Фонд Кыргыз Республикасынын экономикасынын артыкчылыктуу тармактарында үстөк баанын катарын өнүктүрүүгө багышталган кластердик долбоорлорду каржылоо боюнча продуктуларды киргизүү багытында иш баштаган, бул Кыргыз Республикасынын экономикасы үчүн мультипликативдүү таасирди камсыз кылат. Иш натыйжалары боюнча өз программаларын иштеп чыгуу, о.э. аларды аталган тармакта бар башкы катышуучулар (мамлекеттик институттар, донордук уюмдар, эл аралык фонддор ж.б.) менен шайкештетүүнү камсыз кылуу пландалууда.

Каржы секторун өнүктүрүүнү колдоо жана КРдин экономикасын каржылоо көлөмүн кеңейтүү боюнча чаралардын бири катары 2020-жылы субординацияланган насыя берүү жолу менен Кыргыз Республикасынын тутум түзүүчү каржы институтунун капиталына кирүү боюнча Фонддун планын ишке ашыруу пландалууда.

Фонд жактырган инвестициялык долбоорлор үчүн жүгүртүүдөгү капиталды каржылоо жагынан продуктулук катарды кеңейтүү үчүн, тийиштүү насыялык продуктуну (өндүрүмдү) иштеп чыгып киргизүү пландалууда.

Кыргыз жана россиялык ишкердиктин экономикалык өз ара байланышын өрчүтүү жана кыргыз ишкердигин ЕАЭБ рыногунун шартында интеграциялоо алкагында Россия-Кыргыз долбоорлорун «Кыргыз-Россиялык ишкердик өнөктөштүк» Фондунун продуктунун талаптарына ылайык каржылоону күчтөндүрүү пландалууда.

Фонддун планында эл аралык өнүктүрүү институттары жана адистешилген экспорттук уюмдар менен Фонд ишке ашырып жаткан долбоорлорго насыя каражаттарын тартуу жагынан кызматташууну кеңейтүү каралган. Андай институттардын арасында «Росэксимбанк» АК, Евразиялык өнүктүрүү банкы, о.э. Чехиянын экспорттук-импорттук банкы бар. Фонд долбоорлорду кош каржылоонун негизинде ишке ашыруу үчүн чет элдик инвестицияларды тартуу максатында ошондой каржы институттары менен кызматташууну издөө жана орнотуу боюнча ишти улантууну ниеттенет. Улуттук валютада (кыргыз сому) каржылоо мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү максатында Фонд КРУБ менен активдүү кызматташтыкты улантууну пландоодо.

Россия Федерациясынан өнөктөштөр менен бирге кезектеги Кыргыз-Россиялык ишкердик форумду уюштуруп жана биргелешип өткөрүү Кыргыз Республикасынын ишкердик коомчулугу үчүн салттуу түрдө башкы окуялардын бири болот. Россиялык инвесторлор менен КРдин ишкердик коомчулугунун аталган форумдун аянтчасында үзгүлтүксүз жолугушуулары кыргыз-россиялык биргелешкен жаңы ишкердик долбоорлордун пайда болушуна көп жагынан түрткү болот.

Долбоорлорду ишке ашыруу жана аймактарда ишкердикти өнүктүрүүгө түрткү берүү максатында, о.э. 2020-жылды аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санаритештирүү жана балдарды колдоо жылы деп жарыялоо жөнүндө КР президентинин Жарлыгын колдоо максатында «Аймактар – өсүш чекити» конкурсун өткөрүү 2020-жылдын аягына чейин узартылган жана долбоорлорду тандоо улантылган.

Фонддун болочок насыячыларынын долбоордук документтеринин сапатын жакшыртуу боюнча чараларды ишке ашырууну улантуу пландалууда.

Техникалык жардам ишкердик пландарды жана ТЭН түзүү үчүн, о.э. көз карандысыз эксперттерди жана аудиторлук компанияларды тартуу үчүн берилет. Мында ДДКФтин каражаттары, о.э. эл аралык уюмдардын (UNDP, UNIDO, USAID ж.б.) каражаттары колдонулат. Фонддун долбоорлорунун сапатын жогорулатуу боюнча чаралардын алкагында каржылоонун башкы багыттары боюнча коомдук эксперттик кеңеш түзүү пландалууда.

2020-жылы Фонддун ишинин өзүнчө бөлүгүн негизинен КР аймактарындагы стартап-долбоорлорун каржылоо боюнча пилоттук келишимдерди ишке ашыруу түзөт. Аймактарда чакан ишкердик тармагындагы стартаптар өлкөнүн бардык областтарында КРдин экономикасынын артыкчылуктуу секторлорундагы жаңы өндүрүштөр менен технологияларды түзүү үчүн шарттарды камсыз кылууга багытталган.

2020-жылы Фонддун каржы ресурстарына аймактык ишкерлердин жетишүүсүн кеңейтүү боюнча иш уланылат.

Фонд консультациялык компанияларды аккредитациялоо жолу менен тандаган аймактык консультациялык борборлорду (АКБ) туруктуу окутуу пландалууда. АКБнын башкы милдети ишкердик пландарды даярдоого жана Фонд аркылуу ишкерлер каржылоо алышына көмөк кылуу болуп эсептелет.

Сапаттуу өндүрүш жана айыл чарба жабдуусун сатып алууга суроо-талаптын өсүшүнө байланыштуу Фонд лизингдик компания түзүүнүн максатка ылайыктуулугун кароону пландап жатат. Андан тышкары, продуктулук (өндүрүмдү) катарыды кеңейтүү максатында берилген инвестициялык каржылоонун алкагында жүгүртүү капиталын каржылоо боюнча продукт иштеп чыгуу пландалууда.

2020-жылы эл аралык туруктуу каржы институту имиджин калыптандырып жана бекемдөө чарасы катары Фонд насыялык рейтингин алуу маселеси боюнча эл аралык рейтингдик агенттиктер менен кеңешүүлөрдү жүргүзүүнү пландап жатат. О.э. насыячылар тараптан болгон суроо-талаптарга таянып, Фонд облигацияларды чыгаруу жолу менен россиялык рубль түрүндө каржы ресурстарын тартуу мүмкүнчүлүгүн карайт.

Андан тышкары, Фонд ишкердик процесстерин оптимизациялоого, уюштуруучулук түзүмдү жакшыртууга, көйгөйлүү долбоорлор менен натыйжалуу иштөөнү уюштурууга жана ички ишкердик процесстерин автоматташтырууга багытталган бир катар ички корпоративдик иш-чараларды жүргүзүүнү пландайт.

Анан калса, байланыштуу валюталык рыноктогу волиталдуулуктун, о.э. коронавирус эпидемиясына байланыштуу аргасыз көрүлгөн чаралардын себебинен КР экономикасында калыптанган абалды эске алып, Фонд каатчылыкка каршы бир катар чараларды бекиткен, алар Фонд тарабынан каржылоо алган ири ишкерлерге да, чакан жана орто ишкердик субъектилерине да тиешелүү.

Калыптанган жагдайда ата мекендик ишкердикти колдоого багытталган токтоосуз иш-чаралардын пакети төмөнкүлөрдү камтыйт:

- насыянын мөөнөтүн 3 айдан 12 айга чейин бир жолу узартуу менен негизги карызды төлөө боюнча убакытты кийинкиге жылдыруу;
- АКШ доллары менен каржыланган пайыздарды төлөөгө 3 айдан 12 айга чейинки мөөнөткө мораторий киргизүү;
- күрөөлүк камсыздоо боюнча коммерциялык банктарга коюлчу талаптарды жеңилдетүү.

Насыяларды төлөө графиктеринин өзгөрүүлөрү рыноктук шарттардын олуттуу өзгөрүшүнө байланыштуу реструктуризациялоо деп таанылбайт.

Ошону менен катар, 2020-жылы Фонд КРдин чарбалык субъектилерин жеңилдетилген шарттарда каржылоону улантуу ниетинде, Фонддун түз насыялоо, долбоорлук каржылоо, о.э. чакан жана орто ишкердикти каржылоо боюнча программаларынын алкагында 2020-жылы жалпы суммасы 69,1 млн АКШ долларына каржылоону жактыруу пландалып жатат.

2020-жылы жалпы суммасы 69,1 млн АКШ долларына каржылоону жактыруу пландалып жатат

Кластердик долбооорлорду каржылоо боюнча программаларды иштеп чыгуу жана аларды учурдагы негизги катышуучулар менен шайкеш келтирүү

Субординацияланган насыя берүү жолу менен, Кыргыз Республикасынын финансы-кредиттик мекемесинин капиталына кирүү

Россия-Кыргыз долбооорлорун каржылоону күчөтүү

Фонд жүзөгө ашыруучу долбооорлорго кредиттик каражаттарды тартуу жаатында эл аралык өнүктүрүү институттары жана адистештирилген экспорттук уюмдар менен кызматташууну кеңейтүү

Кийинки Кыргыз-Орус бизнес форумун уюштуруу жана биргелешип өткөрүү

"Аймактар – өнүгүүнүн башаты" сынагын 2020-жылдын аягына чейин узартуу

Фонддун потенциалдуу карыз алуучуларынын долбоордук документтеринин сапатын жогорулатуу боюнча иш-чараларды улантуу

Каржылоонун негизги багыттары боюнча коомдук эксперттик кеңешти түзүү

Аймактык Консультациялык Борборлордун (РКЦ) үзгүлтүксүз окутуусу

Лизинг компаниясын түзүүнүн максатка ылайыктуулугун карап чыгуу

Фонд тарабынан бекитилген инвестициялык долбоорлор үчүн жүгүртүлүүчү капиталды каржылоо үчүн насыялык продуктун иштеп чыгуу жана ишке ашыруу

Насыя рейтингин алуу боюнча эл аралык рейтинг агенттиктери менен кеңешүү

Облигацияларды чыгаруу аркылуу финансы ресурстарын орус рублинде тартуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу

Ички бизнес процесстерди оптимизациялоо жана автоматташтыруу, уюштуруу түзүмүн өркүндөтүү, көйгөйлүү долбоорлор менен натыйжалуу иштөө

Фонддон каражат алган насыя алуучулар үчүн бир катар кризиске каршы чараларды бекитүү

Жалпы суммасы 69,1 млн АКШ долларга чейин каржылоону бекитүү

"Партнер Кей Джи" ЖАК

Мөмө-жемиш логистикалык борборлор



«Манас Хендлинг» ЖЧК

Тоолыжалык база

Аудиттелген каржылык отчеттуулук

«КПМГ Бишкек» ЖЧК
Эркиндик бульвары, 21
"Орион" бизнес-борбору, 201-кеңсе
Бишкек, Кыргыз Республикасы 720040
Телефон +996 312 623 380
Факс +996 312 623 856
E-mail kpmg@kpmg.kg

Көз карандысыз аудиторлордун аудиттордук корутундусу

Россия-Кыргыз Өнүгүү фондунун кеңешине

Пикир

Биз Россия-Кыргыз Өнүгүү фондунун (мындан ары – «Фонд») 2019-жылдын 31-декабрына карата финансылык абалы жөнүндө отчеттон, кирешелер же чыгашалар жана башка топтомо киреше, көрсөтүлгөн күндөн аяктаган бир жылдагы өздүк капиталдагы жана акча каражаттарынын кыймылындагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчеттордон, ошондой эле эсеп саясатынын негизги жоболорун жана башка түшүндүрмө маалыматты камтыган эскертүүлөрдөн турган финансылык отчеттуулугуна аудит жүргүздүк.

Биздин пикирибизче, сунушталган финансылык отчеттуулук Эл аралык финансылык отчеттуулуктун стандарттарына («ЭФОС») ылайык, 2019-жылдын 31-декабрына карата абалы боюнча Фондунун финансылык абалынын баардык аспектилерин, ошондой эле көрсөтүлгөн күнү аяктаган бир жылдагы анын финансылык жыйынтыктарын жана акча каражаттарынын кыймылын ишенимдүү чагылдырат.

Пикирди билдирүү үчүн негиз

Биз Эл аралык аудит стандарттарына («ЭАС») ылайык аудит өткөрдүк. Ошол стандарттарга ылайык биздин жоопкерчилик биздин корутундунун *«Финансылык отчеттуулукка аудит үчүн аудиторлордун жоопкерчилиги»* аттуу бөлүмдө берилген. Биз Кесипкөй бухгалтерлердин эл аралык кодексине (эл аралык көз карандысыз стандарттарды кошкондо) жана Кыргыз Республикасында биздин финансылык отчеттуулук аудитибизге карата колдонулуучу этикалык талаптарга ылайык Фондуга көз каранды эмеспиз жана бул талаптарга жана жогоруда аталган Кодексе ылайык башка этикалык милдеттерди аткардык. Биз алынган аудиттордук далилдер биздин пикирди билдирүү үчүн негиз катары кызмат кылуу үчүн жетиштүү жана талаптагыдай деп болжолдойбуз.

Фондунун жетекчилиги жана корпоративдик башкаруу үчүн финансылык отчеттуулукуун жооптуу тараптардын жоопкерчилиги

Жетекчилик ЭФОСко ылайык көрсөтүлгөн финансылык отчеттуулукту даярдоо жана ишенимдүү берүү үчүн жана жетекчилик ак нитетсиз иш-аракеттердин же мүчүлүштүктөрдүн айынан олуттуу бурмалоолорду камтыбаган финансылык отчеттуулукту даярдоого керектүү деп эсептеген ички көзөмөл системасы үчүн жоопкерчиликтүү.

Финансылык отчеттуулукту даярдоодо жетекчилик Фондунун өз ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүн баалоо үчүн тийешелүү учурда иштин үзгүлтүксүз болушуна кирген маалыматтарды ачыкка чыгаруу үчүн жана жетекчилик Фондуну жоюуну, анын ишин токтотууну ниет кылган, же жоюудан же ишин токтотуудан башка анын кандайдыр бир башка чыныгы альтернативасы жок болгон мезгилдерден тышкары, иштин үзгүлтүксүздүгүнө жол берүүнүн негизинде отчеттуулукту түзүү үчүн жоопкерчиликтүү.

«КПМГ Бишкек» ЖЧК, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык катталган компания, Швейцария мыйзамы боюнча катталган KPMG International Cooperative (KPMG International) ассоциациясына кирген KPMG көз карандысыз фирмалар тармагынын мүчөсү.

Корпоративдик башкаруу үчүн жоопкерчиликтүү тараптар Фондунун финансылык отчеттуулугун даярдоого көзөмөл кылуу үчүн жоопкерчиликтүү.

Финансылык отчеттуулук аудити үчүн аудиторлордун жоопкерчилиги

Биздин максат финансылык отчеттуулукту ак ниетсиз иш-аракеттердин же каталардын кесепетинен олуттуу бурмалоолорду камтыбай турган акылга сыярлык ишенимдүүлүктө болууда жана биздин пикирди чагылдырган аудитордук корутунду чыгарууда турат. Акылга сыярлык ишенимдүүлүк ишенимдүүлүктүн жогорку деңгээлин түшүндүрөт, бирок Эл аралык аудит стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн аудит такай эле олуттуу бурмалоолор болгондо аларды аныктай турушунун кепилдиги болуп саналбайт. Бурмалоо ак ниетсиз иш-аракеттердин же каталардын натыйжасы болушу ыктымал жана негиздүү божомолдосок, жеке болобу, же жалпы болобу, алард ушул каржы отчоттуулуктун негизинде пайдалануучулардын экономикалык чечимдерине таасир тийгизиши мүмкүн.

Эл аралык аудит стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн аудиттин алкагында, биз аудиттин башынан аягына чейин кесипкөй пикирди колдонуп, кесипкөй скептицизмди сактайбыз. Мындан тышкары биз төмөнкүлөрдү аткарабыз:

— ак ниетсиз иш-аракеттердин жана каталардын кесепетинен финансылык отчеттулуктагы олуттуу бурмалоолорду аныктап, бааберебиз; ошол тобокелдиктерге жооп катары аудитордук процедураларын иштеп чыгып, аларды жүргүзөбүз; биздин пикирди чагылдырууда негиз болуп берүүгө жетиштүү жана талаптагыдай болуучу аудитордук далилдерди алабыз. Ак ниетсиз иш-аракеттерден улам алуттуу бурмалоолорду аныктай албоо тобокелдиги, ката кетирүүдөн улам олуттуу бурмалоолорду аныктай албоо тобокелдигине караганда жогору, себеби, ак ниетсиз иш-аракеттер ички көзөмөл системасын кайып өтүп, көмүскө бүтүмдү, оңдоп коюуну, атайлап өткөрүп жиберүүнү, маалыматты же иш-аракеттерди бурмалап берүүнү камтыйт;

— жагдайга ылайык, келген аудитордук процедураларды иштеп чыгуу үчүн, бирок Фондунун ички көзөмөл системасынын натыйжалуулугу жөнүндө пикир билдирүү максатында эмес, аудит үчүн маанилүү болгон ички көзөмөл системасы түшүнүгүн алабыз;

— колдонулган эсеп саясатынын тийешелүү мүнөздөмөсүн жана бухгалтердик баалоонун негиздүүлүгүн жана жетекчилик даярдаган маалыматты тийешелүү түрдө ачыкка чыгарууну баалайбыз;

— жетекчиликтин иштин үзгүлтүксуздугү жөнүндө жол берүүлөрдү колдонуусунун укук ченемдүүлүгү туурралуу тыянак чыгарып, ал алынган аудитордук далилдердин негизинде – жыйынтыгында Фондунун өз ишин үзгүлтүксүз удантууга жөндөмдүүлүгүнө олуттуу шектенүүлөр пайда боло турган окуялар же шарттарга байланыштуу орчундуу аныктын эместик бар же жогу тууралуу тыйынак жасайбыз. Эгер биз орчундуу аныктын эместиктин болду деген тыянакка келсек, биз аудитордук корутундубузда каржы отчеттуулугунда маалыматты тийешелүү түрдө ачыкка чыгарууга көңүл бурушубуз керек, же мындай маалыматты ачыкка чыгаруу талапка жооп бербесе, пикирибизди модификациялашыбыз керек. Биздин тыянактар аудитордук корутундубуздун күнүнө чейин алынган аудитордук далилдерге негизделген. Бирок боло турган окуялар же шарттар Фонду өз ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүн жоготуп алуусуна алып келиши ыктымал;

— берилген финансылык отчеттуулукка жалпы жолунан, анын түзүмүнө жана мазмунуна, андагы маалыматты ачыкка чыгарууга, ошондой эле финансылык отчеттуулук анын негизинде жаткан операцияларды жана окуяларды алардын ишенимдүү түшүнүгүн камсыздагандай берилээрине баа беребиз.

Биз корпоративдик башкаруу үчүн жооп берген тараптарга биринчи кезекте пландаштырылган көлөм жана аудиттин мөөнөтү жөнүндө, ошондой эле аудиттин жыйынтыгы боюнча олуттуу эскертүүлөр жөнүндө, аудит процессинде биз аныктаган ички көзөмөл системасынын негизинде кемчиликтери жөнүндө маалыматты жеткирип, алар менен маалыматтык өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырабыз.
Жыйынтыгында көз карандысыз аудиторлордун ушул аудиттордук корутундусу чыгарылган тапшырманын жетекчиси:

_/колу/_____
Присталов М.Н.
Ишеним берилген өкүл

/ МӨӨР: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ БИШКЕК ШААРЫ «КПМГ БИШКЕК» ЖООПКЕРЧИЛИГИ ЧЕКТЕЛГЕН КООМ ИСН 02802200310298/

_/колу/_____
Асырандиева А.К.
«КПМГ Бишкек» ЖЧК Аткаруучу директору
Кыргыз Республикасынын сертификатталган аудитору,
2014-жылдын 13-ноябрында берилген №0232 А сериясындагы
аудитордун квалификациялык сертификаты
2020-жылдын 27-марты

Котормо орус тилинен кыргыз тилине **"GMC Translation Service"** Тилдик котормолор бюросу тарабынан даярдалган.
E-mail: gmczakaz@mail.ru; website: www.gmc-translation.com; www.myhum.com
Tel.: + 996 (312) 900-666; 90-10-10; 600-666 WhatsApp: +996 (707) 56-88-88
Дареги: Кыргыз Республикасы, 720001. Бишкек шаары, Киев к-сы 12/3
ДЖ код: 12

	Эскертүү	2019-ж. 31- декабры миң АКШ доллары	2018-ж. 31- декабры миң АКШ доллары
Натыйжалуу пайыздык чен методу менен ченелген, пайыздык кирешелер	5	18,421	15,851
Пайыздык чыгашалар	5	(1,462)	(1,243)
Таза пайыздык киреше		**16,959**	**14,608**
Комиссиялык кирешелер/(чыгашалар)		86	70
Чет өлкө валютасында жүргүзүлгөн операциялардан таза (чыгаша)/киреше		11	(76)
Операциялык кирешелер		**17,056**	**14,602**
Баасы түшүп кетүүдөн тартылган чыгымдар	6	(5,399)	(1,655)
Жалпы административдик чыгашалар	7	(3,022)	(2,818)
Салык кармап калганга чейинки түшкөн пайда		**8,635**	**10,129**
Пайда салыгы боюнча чыгашалар		-	-
Жыл ичинде алынган пайда жана жыл ичиндеги жалпы жыйынды киреше		**8,635**	**10,129**

6-беттен 61-бетке чейин көрсөтүлгөн финансылык отчет жетекчилик тарабынан 2019-жылдын 26-март айында бекитилген

Аалиев А.К.
Башкармалыктын Төрагасы

Нам О.Р.
Башкы бухгалтер

Пайдалар же чыгаша жана башка жыйынды киреше тууралуу отчеттун көрсөткүчтөрүн анын ажыралгыс бөлүгү болуп бул финансылык отчетко берилген эскертүүлөрү менен бирдикте кароо керек.

	Эскертүү	2019-ж. 31- декабры миң АКШ доллары	2018-ж. 31- декабры миң АКШ доллары
АКТИВДЕР			
Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери	8	11,045	8,184
Баалуу кагаздарга инвестициялар	9	318,003	333,580
Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкындагы депозит	13	40,415	35,805
Банктарга берилген кредиттер	10	96,007	88,664
Кардарларга берилген кредиттер	11	108,003	92,433
Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер	12	120	252
Башка активдер		622	182
Жыйынтыгында активдер		**574,215**	**559,100**
МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР			
Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынан алынган кредит	13	36,625	32,222
Башка милдеттенмелер	14	5,609	3,465
Жыйынтыгында милдеттенмелер		**42,234**	**35,687**
КАПИТАЛ			
Уставдык капитал	15	500,000	500,000
Бөлүштүрүлбөгөн пайда жана атайын резервдер		31,981	23,413
Жыйынтыгында капитал		**531,981**	**523,413**
Бардыгы болуп милдеттенмелер жана капитал		**574,215**	**559,100**

Финансалык абал жөнүндө отчеттун көрсөткүчтөрүн, анын ажыралгыс бөлүгү бул финансылык отчетко берилген эскертүүлөр менен бирдикте кароо керек.

Россия-Кыргыз өнүгүү фонду

2019-жылдын 31-декабры менен бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет

	2019-ж. 31- декабры миң АКШ доллары	2018-ж. 31- декабры миң АКШ доллары
ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ		
Алынган пайыздар	18,835	23,461
Төлөнгөн пайыздар	(1,457)	(1,233)
Алынган комиссиялык төлөмдөр	(18)	(25)
Төлөнгөн жалпы административдик чыгашалар	(2,680)	(2,754)
Операциялык активдердин (көбөйүшү)/азаюусу		
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы депозит	(4,610)	(4,645)
Коммерциялык банктардагы депозиттер	-	745
Банктарга берилген кредиттер	(7,134)	(18,203)
Кардарларга берилген кредиттер	(20,309)	(6,423)
Башка активдер	(440)	-
Операциялык милдеттенмелердин көбөүйүшү/(азаюусу)		
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан алынган кредит	4,403	3,885
Башка милдеттенмелер	1,343	(4,187)
Операциялык иштен түшкөн акчаны пайдалануу	**(12,067)**	**(9,379)**
ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ		
Сатуу үчүн колдо бар болгон финансылык активдерди сатып алуу	(124,196)	(236,938)
Сатуу үчүн колдо бар болгон финансылык активдерди сатуу	138,943	211,508
Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу	(2)	-
Инвестициялык иштен акча каражаттарынын агылып кирүүсү/(пайдаланышы)	**14,745**	**(21,017)**
Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин таза (азаюусу)/көбөйүшү	**2,678**	**(30,396)**
Валюта курстарынын өзгөрүшүнүн ачка каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири	183	571
Жылдын башына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери	8,184	38,009
Жылдын акырына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери (9-эскертүү)	**11,045**	**8,184**

Акча каражаттарынын жылып жүрүшү жөнүндө отчеттун көрсөткүчтөрүн анын ажырагыс бөлүгү бул финансылык отчетко берилген эскертүүлөр менен бирдикте кароо керек.

миң АКШ долларлары	**Уставдык капитал**	**Бөлүштүрүлбөгөн пайда жана атайын резервдер**	**Жыйынтыгында капитал**
2018-жылдын 1-январына карата калдык	500,000	13,284	513,284
Жыйынтыгында жыйынды киреше			
Жыл ичиндеги пайда	-	10,129	10,129
Жыл ичиндеги жалпы жыйынды киреше	-	**10,129**	**10,129**
2018-жылдын 31-декабрына карата калдык	**500,000**	**23,413**	**523,413**
2019-жылдын 1 январына кайта саналган калдык	**500,000**	**23,413**	**523,413**
Жыйынтыгында жыйынды киреше			
Жыл ичиндеги пайда	-	8,635	8,635
Жыл ичиндеги жалпы жыйынды киреше	**500,000**	**8,635**	**8,635**
ДДКФ пайдалануу	-	(67)	**(67)**
2019-жылдын 31-декабрына карата калдык	**500,000**	**31,981**	**531,981**

Капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчеттун көрсөткүчтөрүн ушул финансылык отчеттуулукка эскертүүлөр менен бирдикте кароо керек, анын ажыратылгыс бөлүгү болуп саналат

ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ 2019

Россия-Кыргыз өнүгүү фонду
Дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.,
Эркиндик бульвары 21
ИНН: 03012201410228
ОКПО: 28997242
Банктын аталышы: «Р СК Банк» ААКсы
БИК: 129001
Э/э: 1299003250020886
Телефон: +996 312 303751, +996 312 303752
E-mail: office@rkdf.org
Web: www.rkdf.org

Жылдык отчеттун электрондук версиясы
Россия-Кыргыз өнүгүү фондунун сайтында
жеткиликтүү:
http://www.rkdf.org/ru/o_nas/otchety

Форматы 210x297 мм. Нускасы 220 экз.